Research Paper / Araştırma Makalesi

# Нурмолдо Наркул уулунун ырларындагы диний (исламдык) мотивдер

Aizirek RAKHMONOVA [1]

**Аннотация**
Бул изилдөөдө кыргыздын караңгыда көз, капилеттен сөз тапкан төкмө жана жазма акындарынын бири, агартуучу Нурмолдо Наркул уулунун өмүр баяны жана анын ырларындагы диний (исламдык) мотивдер тууралуу жазылды. Изилдөөнүн максаты — акындын чыгармачылыгында чагылдырылган ислам дининин негизги баалуулуктарын, диний-философиялык көз караштарын жана алардын көркөм поэтикалык чагылуусун аныктоо. Изилдөө адабият таануу, теология жана тарых илимдеринин айкалышында жүргүзүлдү. Автордун ырларында ислам дининин негизги түшүнүктөрү, руханий баалуулуктар, моралдык-этикалык темалар кеңири чагылдырылган. Айрыкча, Куран аяттарына шилтемелер, пайгамбарлардын өрнөктүү өмүрлөрү, адеп-ахлак маселелери чыгармачылыгынын маанилүү бөлүгүн түзгөн. Изилдөөдө акындын поэзиядагы диний темалар аркылуу руханий агартууну жүргүзүү менен коомду агартууга умтулгандыгы белгиленди. Нурмолдонун поэзиясы ошол доордун диний жана социалдык кырдаалына жооп катары жаралып, бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпой келет. Анын ырлары диний-этикалык мазмуну менен гана эмес, поэтикалык түзүлүшү жана көркөм стили менен да кыргыз адабиятынын баалуу мурасы катары бааланат. Акындын ырлары — диний мазмундагы тарбиялык күчкө ээ чыгармалардын катарын толуктайт. Алар бүгүнкү күндө да актуалдуу болуп, жаш муунду руханий жактан тарбиялоодо аябай маанилүү булак болуп саналат.

*Ачкыч сөздөр:* Теология, Адабият, Нурмолдо Наркул уулу, Ырлар, Диний Мотивдер.

## Religious Motifs in The Poetry of Nurmoldo Narkul uulu

**Abstract**
This academical article explores the life and works of Nurmoldo Narkul uulu. He was one of the prominent Kyrgyz improvisational and written poets, who known for his wisdom and educational contributions. The aim of the research is to identify the main Islamic values, religious-philosophical perspectives, and their poetic expression in the poet’s works. The study is conducted at the intersection of literary, theology, and history studies. In Nurmoldo’s poetry, fundamental Islamic concepts, spiritual values, and moral-ethical themes are widely represented. Notably, references to Quranic verses, exemplary lives of the prophets, and issues of ethics and morality form a significant part of his creative output. The article, highlights how the poet used religious subjects in his poetry as a means of spiritual enlightenment and societal education. Nurmoldo’s poetry emerged in response to the religious and social conditions of his time and remains relevant today. His works are valued not only for their religious-ethical content, but also for their poetic structure and artistic style, making them an important part of Kyrgyz literary heritage. The poet’s verses are educational works with strong religious themes. They continue to play an important role in the spiritual upbringing of younger generations.

*Keywords:* Theological-Literature, Nurmoldo Narkul uulu, Poetry, Religious Motifs.

[1] Кыргыз – Түрк “Манас” Университети, ЖОЖдон кийинки билим берүү институту, Ислам билимдеринин магистранты. rahmanovaayzirek@gmail.com, ORCID ID:0009-0003-9204-3277.

## Киришүү

Кыргыз эли өзүнүн эң негизги маданий баалуулугу болгон адабий чыгармаларын, оозеки түрдө кылымдан-кылымга, муундан-муунга өткөрүп сактап келген. Совет доорунда кыргыз адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрү болгон кээ бир акындардын аты караланып, чыгармалары өрттөлгөн. Ушундай акындардын ичинде Нурмолдо Наркул уулу дагы болгон. Акындын чыгармачылыгы эгемендүүлүк алгандан кийин гана атайын изилдөөлөр жүргүзүлүп, жазыла баштаган.

Кыргыз адабиятынын тарыхында диний поэзия жана руханий-насаатчыл мазмундагы чыгармалар өзгөчө орунду ээлейт. Айрыкча, 19-кылымдын аягынан 20- кылымдын башына чейинки мезгилде ислам дининин таасири менен жазылган поэзиялар эл арасында кеңири тараган. Кыргыз адабиятынын тарыхында өзгөчө орунду ээлеген акындардын бири — Нурмолдо Наркул уулу. Ал 19-кылымдын аягында жана 20-кылымдын башында жашап өткөн, диний билимдүү, эл арасындагы руханий тарбиячы, акын жана манасчы катары таанылган инсан. Анын поэзиялары терең философиялык ойлорго, адеп-ахлактык насааттарга, диний темаларга бай болгондугу менен өзгөчөлөнгөн.

Нурмолдо Наркул уулунун чыгармалары - бул исламдык ой жүгүртүүнүн, нравалык тарбиянын жана адеп-ахлактын эл арасындагы калыптанышын чагылдырган баалуу поэтикалык мурас. Анын ырларында адамдын бул дүйнөдөгү жашоосу, сооп жана күнөө, пенделикке чакырык, акыретке ишенүү сыяктуу маанилүү диний темалар өзүнүн көркөм түшүндүрмөсүнө ээ болгон. Ошондой эле акын коомдогу адептик деградацияга каршы чыгып, диний негизде тарбиялоо, ислам дининин асыл баалуулуктарын жайылтуу максатында чыгармаларын жазган.

Бул изилдөөдө Нурмолдо Наркул уулунун ырларындагы диний мотивдер талданып, анын чыгармачылыгындагы ислам түшүнүктөрүнүн ролу жана элге тийгизген таасири каралмакчы. Ошондой эле акындын диний поэзиясынын өзгөчөлүктөрү, замандаштарына кандай үлгү болгондугу тууралуу маанилүү маселелерге да токтолобуз.

### 1.Нурмолдо Наркул уулунун өмүр баяны

Нурмолдо Наркул уулу кыргыздын классикалык акындар поэзиясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири болгон. Акындар поэзиясы тарыхында да Арстанбек, Токтогул, Жеңижок, Барпы ж.б. акындардын ысымдарына жанаша көп айтылат.[2] Акындар поэзиясы – кыргыз элинин оозэки поэтикалык чыгармачылыгы менен тыгыз байланышта өнүккөн классикалык поэзиянын бир бөлүгү.

[2] Абдылдажан Акматалиев (ред.), *"Залкар акындар" сериясы*, Нурмолдо, Боогачы, Казыбек (Бишкек: Принт-Экспресс, 2016), 12/4.

Нурмолдо Наркул уулу 1838-жылы Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районуна караштуу Баймак айылында (кийин Кош-Терекке көчүп келишкен) туулган. Нурмолдо 9 жашынан тарта Кош-Терек кыштагындагы мечиттен сабак ала баштайт. Окуткан мударриси анын өтө зээндүү жана зиректигин байкап, эки жылдан кийин Намангандагы Молдо Кыргыз медресинин мутавалисине тапшырат. Андагы мударристер Нурмолдодон сынак алып, андан кийин медресеге окууга кабыл алышат. Ал медреседе сабак алып жүргөн мезгилде эле өзүнөн кийин келген балдарга дарс окутуп, мударристик милдетти аткарып калат. Андан кийин Кашмир шаарында окуп билимин өркүндөтөт. Ал жерден опсундукту (сыйкырчы же жайчынын бир түрү) да кошо үйрөнөт. Андан ары Меккеге барып, ажылык милдетин өтөгөн соң өз мекенине кайтып келет. Нурмолдо ажыдан келгенден кийин өмүрүн өз жергесинде өткөрөт. 1920-жылы 82-жашында Кош-Терек айылында дүйнөдөн кайткан. Сөөгү азыркы Кош-Терек кыштагындагы эски мазарга коюлган.[3]

Төкмө акын өзүнүн олуялыгы, опсундугу, дарыгер-табыптыгы жана манасчылыгы менен дагы эл ичинде белгилүү. Ал Кыргызстандын түштүк чөлкөмүндөгү таланттуу манасчылардын бири катары эсептелет. Нурмолдо манасчылык өнөрдү түндүктөгү атактуу Балыкооз манасчыдан алган. Нурмолдо, Сагымбай Орозбак уулу, Кыдыралы үчөө болуп 7-8 ай эл кыдырып, "Манас" айтышчу дешет. Анын саякатчы, дипломат, кыраакы саясатчы жана жогорку билимдүү агартуучу болгону да айтылып келет.[4] Нурмолдо улуу акын гана эмес, өз учурундагы чыгаан педагог, таланттуу мударрис да болгон. Нурмолдонун педагогдук таланты да анын акындык талантынан кем калган эмес. [5]

### 1.1.Көп кырдуу талант Нурмолдо

Нурмолдонун ата-теги хан ордолорунда кызмат өтөгөн, илим-билим борборлорунда исламды иликтөөчүлөр менен аралаш жашаган, илимкөй кишилер болгон. Кыргыз санжырасын, Манасын, тарыхын алгач жазган айтылуу «Мажму атут-таварихтин (тарыхтардын жыйнагы) автору Молдо Сайпидин (фарсча булактарда Сайф-ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксикенти) Нурмолдонун түпкү атасы болуп саналат. Молдо Сайпидиндин уулу Ноорузмухаммед болгон. Ноорузмухамметтин уулу Кыргызбай Намаккент (Наманган) шаарына медресе курдурган. Кыргызбай чоң молдо болгондуктан медресенин аты Молдо Кыргыз медресеси деп аталып калат.[6] Молдо Кыргыз медресеси өзүнүн курулган күнүнөн тарта узак мезгилдер бою кыргыздын көптөгөн кулундарын окутуп, сабаттуу, билимдүү кылып чыгарган. Ушундай атуулдардын бири Нурмолдо болгон. Ал 1850-жылы Кош-Теректен Наманганга өзүнүн ата-бабасы белгилүү Кыргызбайдын медресесин беттеп жөнөгөн. Медреседе бир гана исламий

[3] Спутник Кыргызстан сайты, "Атадан жаман туулса, адашып калган көчкө окшош. Нурмолдонун кеп казынасы" (маалымат алынган күн 5-май 2025).
[4] Аймак.kg сайты, "Нурмолдо-көп кырдуу улуу инсан" (маалымат алынган күн 3-май 2025)
[5] Советбек Байгазиев, Нурмолдо- XIX кылымдын агартуучусу жана даанышман педагогу (Бишкек:Эркин-Тоо, 2005), 3.
[6] Акматалиев,*"Залкар акындар" сериясы*, 12/8.

билимдерди гана үйрөнбөстөн тарых, эсеп-алгебра, география, айыл-чарбачылыгы сыяктуу сабактарды да эң жакшы деңгээлде өздөштүргөн. Нурмолдо билимди өздөштүрүү жагынан Молдо Кыргыз медресесинде аттын кашкасындай таанымал болуп, медресени бүтүргөндөн кийин ошол жерде мударристик кызматты аркалап калат. Медреседе сабак берүү процессинде ал белгилүү бир методикалык жана педагогикалык тажрыйба топтогон. Медреседеги жумушун таштап, дүйнөнү кыдырып жүргөн кезинде да ал ар дайым китеп окуп, билимин, дүйнө таанымын тереңдетүүнүн аракетин кылган.[7]

Нурмолдо өз доорундагы туңгуч агартуучулардын бири болгон. Ал Ала-Бука, Аксы аймактарында Октябрь революциясына чейин бир нече мечит жана медреселерди уюштуруп, балдардын кат таануусуна өбөлгө түзгөн. Нурмолдо аталган жерлерде диний сабактарга кошо география, тарых, адабият, математика, агрономия сабактарын да окуткан. Ал тарыхта алгачкы жолу мечит-мектепте “Манас” эпосу боюнча сабактарды окутуп, билим берүү тармагына чоң жаңылык алып келген.[8]

Нурмолдонун полиглоттук да жөндөмүн айта кетбесек болбойт. Акын фарс, араб, түркий тилдерде түркүн адабияттарды, китептерди окуй алган жана бул тилдерде төгүп да ырдай алган. акын болгон. [9] Бул тууралуу алабукалык Молдо Абды, Сүйөркул сопу, Устажолдош, Сатыбалды, Миржакып, Молдо Алимбек ж.б. молдолор айтып келишкен. Аталган молдолордун айрымдары соода-сатык иштери менен жүрүп, Орто Азия жана Казакстандын шаарларында олуя акын Нурмолдонун арап тилинде төгүп, ырдаганына күбө болушкан.[10]

### 1.2. Замандаштарынын Нурмолдо тууралуу ой толгоолору

Нурмолдо Наркул уулу Токтогул, Жеңижок, Эшмамбет сыяктуу акындардын устаты болгон. Аты аталган акындар Нурмолдо тууралуу өздөрүнүн ой толгоолорун айтып кетишкен.

Токтогул акын өз устаты жөнүндө мындай деген:

*Көздөрүндө огу бар,*

*Колдорунда чогу бар.*

*Устатыбыз Нурмолдо*

*Уламада жогу бар.*

Жеңижок да өз ырларында:

*Пайгамбар мөөрүн көрсөткөн*

*Карматып калем оң колго.*

[7] *Нурмолдо- XIX кылымдын агартуучусу жана даанышман педагогу,* 10-12.
[8] Советбек Байгазиев – Абдыкерим Муратов, *Кыргыз адабияты 10-класс*, (Билим куту, 2007), 18.
[9] *Нурмолдо- XIX кылымдын агартуучусу жана даанышман педагогу,* 13.
[10] Калмурат Рыскултегин, *Нурмолдо* (Бишкек, Сүрөт-Басма-Салону, ЖЧК, 2003), 172-173.

*Илимий жолго жетелеп,*

*Тай-тайлаткан Нурмолдо.* – деп ар дайым өз устаты жөнүндө терең сый-урмат менен эскерип келген. Жеңижок өзүнүн эл арасында таанымал, чоң акын жана билимдүү инсан болушуна устаты Нурмолдо Наркул уулунун салымы чоң экендигин оозунан түшүрбөй айтып жүргөн.[11] Нурмолдо тууралуу замандаштары сөз кылган.

Коргоол:

*От болуп чыккан жашынан*

*Оттой күйгөн башынан*

*Кашмирди айтса төрт күнү*

*Көргөн киши жашыган.*

*Ажыны ырдап алты күн*

*Ансайын сөзү ташыган.*

Барпы:

*Жаткызып жүздөй бейтапты*

*Алакан шилтеп бир чапты.*

*Тура келди баарысы*

*Көргөндөй болуп гөйкапты.*

*Олуя акын Нурмолдо*

*Он мечит куруп зер тапты.*

Устажолдош өлөңчү:

*Нурланып нур чачырап көздөрүнөн*

*Акылы агып турган сөздөрүнөн.*

*Көргөндө Нурмолдону кыйла бейтап*

*Айыгып кетер эле өздөрүнөн.*

Курман төкмө:

*Жазгандары бир башка,*

*Айткандары бир башка.*

*Ардагы акын олуя*

---

[11] Арыба.kg.сайты, "Жеңижоктун өмүрү, чыгармачылыгы такталууга тийиш" (маалымат алынган күн 16-май 2025).

*Жаш, карыга, курдашка.* [12]

Нурмолдо Наркул уулунун замандаштары ыр чөйрөсүнүн көрүнүктүү өкүлдөрү болгон. Алар Нурмолдонун кат-сабаттуу молдолугун, ажыга барып келгенин, олуялыгын жана табыптык жайын ырларында чагылдырышкан. Нурмолдо өз доорунда көп акынга өрнөк көрсөтүп, акындык өнөрдүн таалимин берип, а түгүл кээ бирин мечит-мектепте окутуп, тамга таанытып, кат сабатын ачкан.

Устажолдош өлөңчү Нурмолдону мындай сүрөттөгөн: "Нурмолдо менден нооча, чап жаак, кере карыш кара сакалчан киши эле. Эгерде сакалы агара баштаган болсо, өзүнүн илекерлигин көрсөтүп, тыттын же анжирдин бариктеринен (жалбырактарынан) алып келип, жамгырдын суусуна кайнатып, жууп, карайтып алчу. Менден беш жаш улуу эле. (Устажолдош 1843-жылы туулган.) Сүйлөгөндө сакалы сеңселип турчу. Селдени чахарпеч, чамбар-чамбар кылып орончу. Тик жака желетке кийчү. Колунан китеп түшпөс эле."[13] Бул сүрөттөөнү 1970-жылы май айында комузчу Алтымыш Мундузбай уулунан Калмурат Рыскулов жазып алган. Сүрөттөөлөрдөн биз Нурмолдо Наркул уулунун келбетин көз алдыбызга элестетсек болот.[14]

## 2. Нурмолдо Наркул уулунун чыгармалары

Акындын чыгармалары толугу менен бизге жетип келген эмес. Акындын кат-сабаты ачылып, колго калем кармап, чыгармаларын өз колу менен жазганына карабастан, алардын бир сабы да күнүбүзгө түпкү нускасы менен жетип келген эмес. Араб арибиндеги жазмалар өрттөлүп, диний сабактар четке кагылып, молдолор куугунтукталып жаткан кезде Нурмолдонун ырлары да жемеге алынып, ысымы терс каармандардын катарына кошулуп калган. Эл оозунда эскерилип, басма бетине жарыяланып жүргөн "Нурмолдо менен Жеңижок", "Барпынын Нурмолдо менен айтышынан" деген айтыштар да кыска, үзүндү түрүндө гана бизге жеткен. Анын Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Кол жазмалар фондунда жападан жалгыз "Өмүр жана өлүм" деген 136 саптык ыры бар. Аны белгилүү фольклор жыйноочу Зулпуев Маматжан жыйнаган. Ал эми Калмурат Рыскулов Нурмолдонун чыгармаларын эл оозунан жыйнап, "Замана", "Молдо Кыргыз медресесиндеги ырлар" аталышындагы китептерди чыгарган.[15] Нурмолдонун чыгармачылыгы жөнүндөгү алгачкы китеп 1995-жылы Калмурат Рыскулов тарабынан жарыяланган. Анын "Нурмолдо" (1838-1920) деген киришүүсүн Камчыбек Камбарбеков аттуу журналист жазып, китеп 1995-жылы Жалал-Абад областтык басмаканасынан 1000 нускада басылып чыккан. Анда "Замандаштары Нурмолдону сыпаттаганы", "Нурмолдо замандаштарын мүнөздөгөнү", "Замана", "Болбосо", "Ойлончу", "Бир Аллах", "Насип Буйрук", "Өмүр жана Өлүм", "Адам Ата", деген поэтикалык туундулар жана

[12] Калмурат Рыскулов, *Замана* (Жалал-Абад, Жалал-Абад областтык басмакана, 1995), 5.
[13] *Нурмолдо*, 56-57.
[14] *Нурмолдо*, 58.
[15] Акматалиев,*"Залкар акындар" сериясы*, 12/9-10.

"Нурмолдо тууралуу икаялар" деген анын опсундук (жайчылык) касиетин чагылдырган кара сөз түрүндөгү чакан аңгеме-эскерүүлөрдүн жыйындысы бар.[16]

Нурмолдонун Калмурат Рыскулов жарыялаган дагы бир китеби "Молдо Кыргыз медресесиндеги ырлар" деп аталат. Китеп 1997-жылы Ала-Бука райондук басмаканасында 1000 нускада басылган. Бул ыр китепте Нурмолдонун басып өткөн жолу, акылмандыгы, билимдүүлүгү жана замандаштарынын урматтоосуна ээ болгондугу даана сезилип турат.[17] Бирок өкүнүчтүүсү бул китепте ырлар ким тарабынан качан жазылып алынганы жөнүндө толук айтылган эмес. Андан кийин Нурмолдонун "Чыгармалар" деген көлөмдүү бир томдугу чыгып, ал кыскартуулар менен экинчи жолу  кайра басылган. Акын тууралуу А. Какеевдин «Нурмолдонун философиясы», С. Байгазиевдин «Нурмолдо-XIX кылымдын тунгуч агартуучу-педагогу жана эне тилдин даанышман патриоту» (2005) деген эмгектери жарык көргөн.[18]

Байкалгандай, Нурмолдо Наркул уулунун чыгармалары өлкөбүз эгемендүүлүк алгандан кийин гана изилденип, жазыла баштаган. Нурмолдо өз колу менен жазган чыгармалары сакталып калбаса да эл ичинде жана өнөр сүйүүчүлөр арасында айтыштары, ырлары жатталып, опсундук окуялары оозеки түрдө айтылып келген.

## 3.Нурмолдо Наркул уулунун чыгармаларындагы диний (исламдык) мотивдер

Нурмолдонун медреседе окуганын жана шарият илими болгонун анын ырлары аркылуу да байкасак болот. Нурмолдо өзүнүн "молдолугу" менен эл арасында чоң кадыр-баркка ээ болгон. Ал убакта "молдо" деп бир гана дин илимин алган инсандарга карата эмес, илим-билимге умтулган, агартуучу, интеллигент инсандарга да кайрылышкан.

Акын көпчүлүк ырын Аллахтын атын атоо менен баштаган. Мисалга алсак, "Ойлончу" аттуу ырында мындай деген:

*Ырдын башы Бисмилла*

*Ыкылас ырдаш ышкында.*

*Ырая кылса көпчүлүк*

*Ыкрар болчу биз мында.* [19]

Аз. Пайгамбарыбыздын (с.а.в) бир хадисинде "Улуу Алланын атын атоо менен башталбаган бардык сөз же иштер берекесиз болот" деп айтылган.[20] Бисмилла жалпысынан ар бир жакшы ишти баштаарда айтылып, пайгамбарлардан бери уланып келген принцип болуп саналат. Мусулман

---

[16] *Замана,* 4.
[17] Калмурат Рыскулов, *Молдо Кыргыз медресесиндеги ырлар* (Ала-Бука, 1997), 3.
[18] Акматалиев,*"Залкар акындар" сериясы*, 12/14-15.
[19] *Замана*,14.
[20] Ферхат Гөкче (ред.), *Хадистердин негизинде Ислам*, котор. Абдилазиз Калбердиев-Азиз Ташболотов (Бишкек: Из-Басма, 2018), 1/211.

бисмилла аркылуу "өзүмдүн да, башкасынын да атынан эмес, жалгыз гана Алла Тааланын атынан, Анын ыраазычылыгына жетүү үмүтү менен анын уруксаты жана көзөмөлү астында бул ишти баштадым" деп айткан болот.[21] Ошондой эле акын Аз. Пайгамбарга (с.а.в) да көптөгөн салаваттарды жана даңктоолорду айткан:

*Лаа илааха илла Аллах,*

*Мухаммадур Расуулуллах.*

*Азабы бар болмоктун,*

*Чыныгы Расулаллах.*[22]

Нурмолдо акын "Наадан менен Пайгамбар" деген чыгармасын исламдын 5 түркүгүнүн бирөөсү болгон шахадат келимеси менен баштаган. Аз. Пайгамбарыбыз (с.а.в) хадисинде мындай баяндаган: "Ислам беш түркүктүн үстүндө курулган. (Алар): Алладан башка кудайдын жок экенине жана Мухаммеддин Алланын элчиси экендигине күбөлүк берүү, намаз окуу, зекет берүү, ажылыкка баруу жана Рамазанда орозо кармоо"[23]

Негизинен "Наадан менен Пайгамбар" аттуу ыры Аз.Пайгамбарыбыз (с.а.в) жана аны жаман көргөн, ага күн сайын жугунду чачкан Байкемпирдин окуясы тууралуу жазылган. Аз. Пайгамбар (с.а.в) пайгамбардык милдетти алгандан кийин капырлар аны жаман көрүп, жактырбай кыйнашат. Алардын арасында Байкемпир да болот. Күн сайын Аз. Пайгамбарыбыз (с.а.в) көчөдө өтүп бара жатканда Байкемпир Аз. Пайгамбарыбыздын (с.а.в) үстүнө жугунду төгүп , аны маскаралайт. Бирок Аз. Пайгамбар (с.а.в) кемпирге бир да жаман сөз айтпайт. Бир күнү кемпир көрүнбөй калат, кабатыр болгон Аз. Пайгамбар (с.а.в) аны издеп үйүнө барат. Барса, кемпир ооруп жаткан болот. Аз. Пайгамбар (с.а.в) анын айыгуусуна үчүн шыпаа тилеп, ага жардам берет. Ал окуя ырда мындайча сүрөттөлөт:

*Кайра кирип кемпирди*

*Колу менен дабалайт.*

*Ичине дарты түшүптүр,*

*Ит болуп үрүп абалайт.*

*Көздөрүндө огу бар,*

*Колдорунда чогу бар.*

*Мухаммет апсун алаамат*

[21] Гөкче (ред.),*Хадистердин негизинде Ислам,* 1/217.
[22] Венера Мусаева, *Кыргыз адабиятынын анталогиясы, акындар поэзиясы* (Бишкек: "Кыргыз энциклопедиясы" башкы редакциясы , 2012), 3/123.
[23] Гөкче (ред.),*Хадистердин негизинде Ислам* 1/581.

*Башкаларда жогу бар.*[24]

Аз. Пайгамбардын (с.а.в) мээримдүүлүгүн көргөн кемпир, ага кылган жамандыктары үчүн мындайча өкүнөт:

*Кемпир ачып көздөрүн*

*Көргөнүнө ишенбей.*

*Каңгырап жылай баштады*

*Кайгырады кемшиндей:*

*Кайырмазир –деп Пайгамбар*

*Кайра түштү жолуна.*

*Айыккан кемпир ыйлады*

*Аңгырайт окшоп долуга.*[25]

Нурмолдо бул ырында Аз. Пайгамбарыбыздын (с.а.в) башкаларга зыян бербеген, тескеринче, өзүнө зыян берген наадандарга да жардам колун сунган мээримдүү, боорукер болгонун жазган. Аз. Пайгамбарыбыздын (с.а.в) көркөм мүнөзү тууралуу ыйык Куранда мындайча айтылган: "Чындыгында, силерге өз араңардан ызаттуу элчи келди. Ага силердин түйшүгүңөр оор болсо да, ал силерге өтө камкор. Момундарга мээримдүү, боорукер".[26] Аз. Пайгамбарыбызды (с.а.в) жандап жүргөн сахабалары анын адамдык сапаттарын жана башкаларга үлгү болуучу кулк-мүнөзүн ар дайым айтып жүрүшкөн. Анас (р.а) мындай деп айткан: "Мен Аз. Пайгамбарыбыздын (с.а.в) кол астында тогуз жыл кызмат кылдым. Ал мага бир жолу да "Эмне үчүн бул ишти мындай кылдың, же эмне үчүн тиги ишти мындай кылбадың?" — деп айткан эмес".[27] Бул жерден сүйүктүү Аз. Пайгамбарыбыздын (с.а.в) сабырдуулугун жана жакшы кулк-мүнөзүн көрө алабыз. Аз. Хусайн чоң атасы жөнүндө атасы Аз. Алиден сураганда, ал мындайча жооп берген: "Расулулла (с.а.в) дайыма жылуу жүздүү, кең пейилдүү жана абдан сылык эле. Пейили бузук, таш боор эмес эле, (негизсиз) бакырып-кыйкырып, жаман айтып, кемчилик издечү эмес жана сараң эмес эле. Көңүлүнө жакпаган нерселерди көрмөксөнгө салчу, муктаж адамдарды капа кылчу эмес жана алардын каалоолорун жарым жолдо таштачу эмес".[28]

Хадистерде жана аяттарда ушундай таризде айтылган болсо, кыргыздын сыймыктуу акыны Нурмолдо да өзүнүн айтыштарында акыркы элчи жана ааламдардын мырзасы Аз. Пайгамбарыбыз (с.а.в) тууралуу кеп козгобой койгон эмес. Нурмолдо, Кадыраалы, Жеңижоктон жазылып алынган "Мухаммет

[24] *Кыргыз адабиятынын анталогиясы, акындар поэзиясы,* 3/125-126.
[25] *Кыргыз адабиятынын анталогиясы, акындар поэзиясы,* 3/126.
[26]*Ыйык Куран маанилеринин кыргызча котормосу,* котор. Абдышүкүр Исмаилов жб. (Бишкек: Глобал-Принт, 2021),Тообо с. 9/128.
[27] Ферхат Гөкче (ред.), *Хадистердин негизинде Ислам*, котор. Айтмырза Сатыбалдиев- Алишер Назаров (Бишкек: Из-Басма, 2018), 4/165.
[28]Ферхат Гөкче (ред.), *Хадистердин негизинде Ислам*, котор. Мухаммед Мамытов (Бишкек: Из-Басма, 2018), 6/261.

Пайгамбарым" аттуу алым сабак[29] буга мисал боло алат.[30] Бул жерде Нурмолдо Аз. Пайгамбарга (с.а.в) салам жана салаваттарды айтып, анын эң акыркы пайгамбар экенин баса белгилеп, анын жашоосунда болуп өткөн кээ бир окуяларды айтып өткөн. Мисалга алсак, Аз. Пайгамбарыбыздын (с.а.в) Каабаны кайра кургандыгын, ажылыктын парздарын мусулмандарга көрсөтүп кеткендигин сүрөттөп ырдаган. Ошондой эле Нурмолдо бул айтышта Адам Атадан баштап Нух, Исмаил, Исхак, Лут, Давуд, Иса жана башка пайгамбарлардын атын атап, ар бир пайгамбардын өзгөчөлүгүн санап өткөн.

Мисалга алсак:

*Жаамиге жагар пайгамбар*

*Жакыптай жахан тапкычы*

*Мүдөөсүн алган ким экен?*

*Маңгулуктуу пайгамбар*

*Жусуптай жүда чырайлуу*

*Жүзөсүн алган ким экен?* [31]

Ал эми "Өмүр жана өлүм" деген ырында Нух пайгамбардан тартып, Аз. Пайгамбарыбыздын (с.а.в) 4 жолдошу Абубакир Сыдык, Омор, Осмон, Аали жана андан берки канчалаган улуу, көрүнүктүү инсандар бул дүйнөдөн өткөндүгүн санап келип:

*Бул жалганчы дүйнөдө*

*Өлбөйт эмес, өлөбүз.*

*Акыры башка бир нокто*

*Ажал келсе өлөбүз*[32]-деп, ар адамдын башына өлүм келерин, ошого даярдануу керектигин, адамдык парздарды аткаруу, ыйманга келүү зарылдыгын айтат. Адам өлгөндө анын ишмердигине байланышкан бардык нерсе токтоп, бала-чакасы, туугандары, жакындары баары артында калаары айтылган. Адамды ар дайым бул дүйнөдө азгырып турган шайтан бардыгын, ал адамзат үчүн түбөлүк душман экендигин айткан. Пайгамбарлар тирүү калбаган дүйнөдөн бир күнү сөзсүз кетээрибизди туюнтуп, жашообузга көз чаптырып, өзүбүздү эсеп-кысап кылып турушубуз керек экенин эскертет. [33] Адам көрдө жатканда Мункар-Накир (ырда Аңкир-Нүңкүр деп айтылат) кирип сурак ала тургандыгын, кандай суроолор бере тургандыгын жана кантип жооп беришибиз керек экенин да

[29] Алым сабак- кыргыздагы айтыш өнөрүнүн бир түрү. Айтышкан акындардын бири ырдаса, экинчиси дароо аны улантып, ырындай кылып бүтүрөт.
[30]Абдылдажан Акматалиев- Мээрим Көлбаева,*"Айтыш" сериясы, Айтыш* (Бишкек: Принт-Экспресс , 2015), 1\275-297.
[31] *"Айтыш" сериясы, Айтыш*, 1\288.
[32] *Замана,*24.
[33] Акматалиев,*"Залкар акындар" сериясы*, 12\10-12.

ырында айтып өткөн.[34] Элге жеткиликтүү болушу үчүн автор "Өмүр жана өлүм" деген ырында адам баласынын жарык дүйнө менен кош айтышкан учуру, кепинделип көргө коюлушу, бир ууч топурак ташталып, адамдын жалгыз гана томпойгон бейити калганга чейинки мезгилде аткарылуучу жөрөлгөлөрдү көркөм сүрөттөп берген.

Чындыгында, өлүмдү эстесең да, эстебесең да анын өзүнүн белгиленген убактысы бар. Бардык адам эртеби-кечби бул жалган дүйнө менен кош айтышат. Бирок бул акыйкатты билип турса да, адам баласы көпчүлүк учурда өлүмгө даярдыкты унутуп коёт. Мусулман өлүм келбестен туруп ага даярдык көрүп, жакшы амал кылган адам. Ошондой эле ал жакшы амалдарды кылып, жаман иштерди таштап жана кылган жаман иштери үчүн өкүнүп, Аллахка чын ыкластан тообо кылып, өлүмгө ар дайым даяр туруусу керек. Нурмолдо Наркул уулу бул темада терең ой жүгүртүп, адамдардын өлүмгө даярдык көрбөгөнүнө кыжаалат болуп, өзүнүн ырларында байма-бай өлүм жана өмүр темасын көтөрүп чыккан. Бул ырлары аркылуу ал адамдарга жашоонун убактылуулугун, өлүмдүн акыйкаттыгын жана ага даярдык көрүүнү эскертип турган. Негизинен көп кыргыз акын өз ырларында өлүм темасын козгоп турган. Алар өлүмдү эстөөнүн пайдалары, өлүмдүн адамга жана коомго тийгизген таасири, бул дүйнөнүн түбөлүк эмес экени сыяктуу темаларды ырларында баяндаган. Кыргыз акындары акырет күнү эмне болоорун эмес, ага бул дүйнөдө кандай даярдык көрүүнүн жолдоруна көбүрөөк токтолгон.[35]

Акындар той-топурда, жыйындарда айтыш өткөрүп турушкан. Мына ушундай айтыштардын биринде Нурмолдо, Токтогул, Эшмамбет үчөөнүн айтышынан "Бир Алла" деген алым сабак жазып алынган.[36] Бул айтышта Нурмолдо устат өзүнүн шакирттери Токтогул жана Эшмамбет менен биргеликте Алланы улуктап, Жаратканга мактоолорду айтып, Ал бардык нерсеге кудуреттүү экенин ырдашкан. Нурмолдо акындын шакирти Жеңижок да өз ырларында ааламдардын ээси Алла Тааланын илим, кудурет, таквин (жаратуучу) жана башка ушул сыяктуу сыпаттарын санап өтүп, бул дүйнөдө адамдардын жашоосу үчүн түрдүү нематтарды тартуулаганын баса белгилеген.[37]

Ал эми Токтогул менен болгон айтышта Нурмолдо калкты намаз окууга, илим алууга үндөп, мындай сөздөрүн айткан:

*Беш убакы такибет.*

*Бек уктасан акибет.*

*Наалаттан таза болорсуз*

---

[34] Акматалиев,*"Залкар акындар" сериясы,* 12\60.
[35] Zukhura Kalmurza Kyzy, "Kırgız Şairlerinin Şiirlerindeki Bazı Din Felsefesi Konuları", *Din Bilim ve Felsefe Yazıları-1*, ed. Mustafa Turan-Muhammed Aydın Çetinkaya (Ankara: Eskiyeni Yayınları, 2024), 27-29.
[36] *"Айтыш" сериясы, Айтыш*, 1\268-274.
[37] Zukhura Kalmurza Kyzy, *Kırgız Şairlerinin Şiirlerindeki Bazı Din Felsefesi Konuları* (Samsun: Ondokuz Mayıs Üniversitesi, Lisansüstü Eğitim Enstitüsü, Yüksek Lisans Tezi, 2024),17-20.

*Намаз окуң ак ниет.*

*Жай алгайсыз Бейиштен*

*Жолун ачып акырет.*

*Ишенгени болбосо*

*Илимсизката кетирет.*

*Кармансаңыз Алланы*

*Кемчилиң кечирет.* [38]

Бул ырда Нурмолдо илим алуунун зарылдыгын жана маанилүүлүгүн баса белгилеген. Чындыгында, исламда илимдин орду чоң. Аз. Пайгамбарыбызга (с.а.в) эң алгач-“Жараткан Эгеңдин ысымы менен менен оку!” [39] деген аят түшкөн. Аллах Таала башка бир аятта: “Эй (Мухаммад!) Аларга: “Билгендер менен билбегендер тең боло алабы?”-деп айт. Чындыгында акыл ээлери гана (Курандан) насаат алат”- деп айткан.[40] Мусулман адам үчүн илим алуу бул дүйнөдө ак менен караны, адал менен арамды ажырата билүү үчүн абзел. Нурмолдо айтып өткөндөй, илимсиз адам бул жана башка маселелерде адашуусу толук ыктымал.

Акындын ырында айтылган экинчи маселе - бул беш убак намаз. Намаз - бул Аллах Тааланын дүйнөдө пендесине берген эң чоң белеги. Бул ибадат аркылуу пенде өзүнүн Эгеси болгон Алла Таалага жакындайт, Жаратуучусу менен баарлашат, туура жолго багыт алат, ыйманын бекемдейт, жүрөгү, денеси тазарып, жан дүйнөсү тынчтык табат. Эң негизгиси, бейиштин ачкычын алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.[41] Бул тууралуу хадистин маанисинде төмөндөгүчө айтылат: “Бейиштин ачкычы – намаз, намаздын ачкычы – даарат”.[42] Ким беш убак намазына бекем болуп, ар дайым чын ыклас менен окуп жүрсө, эки дүйнө бактылуулуугуна жетет. Намаз окуу менен денебизди, жүрөгүбүздү тазалап, ой-пикирибизди, кулк-мүнөзүбүздү оңдоого болот. Аз. Пайгамбарыбыз (с.а.в) “Намаз — бул диндин тиреги” деп айткан.[43]

Нурмолдонун ырларында ислам дининин негизги баалуулуктары — адилеттүүлүк, боорукерлик, ыймандуулук, дүйнөнүн убактылуу экендиги, акыретке ишенүү сыяктуу темалар кеңири чагылдырылган. Ал дин илимин элге жеткирүүнү максат кылып, поэзиясын насаат айтуунун, коомду оңдоонун, жүрөккө жеткен акыйкат ойлорду тартуулоонун каражаты катары колдонгон. Мындай диний мотивдер анын ырларына өзгөчө тереңдик жана руханий мазмун

[38] *“Айтыш” сериясы, Айтыш*, 1\298.
[39]Алак 96\1.
[40] Зумар 39/9.
[41] Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын расмий баракачасы, “Намаз-Бейиштин ачкычы” (маалымат алынган күн 19-май, 2025).
[42]Ферхат Гөкче (ред.), *Хадистердин негизинде Ислам*, котор. Самаган Мырзаибраимов ж.б. (Бишкек: Из-Басма, 2018), 2/175.
[43] Мустафа Эрдем, *Алланын назарында дин Ислам*, котор. Бакыт Мурзараимов (Бишкек: 2021), 153.

берип, окурмандарды ойлонууга, өзүн тарбиялоого чакырган. Нурмолдо Наркул уулунун ырларындагы диний мотивдер албетте кыргыз адабиятында өз алдынча из калтырган көрүнүш катары жогору баалануууга тийиш. Анын чыгармаларында ислам дининин негизги идеялары терең берилген, жашоосунун кыскалыгы, акыретке ишенүү, ыйман жана адеп-ахлак темалары поэтикалык формада элге жеткиликтүү тил менен жеткирилген.

## Корутунду

Нурмолдо Наркул уулунун чыгармаларындагы диний мотивдер — анын поэзиясынын өзөгүн түзгөн маанилүү элементтерден болуп саналат. Акын ислам дининин негизги принциптерин, Курандагы акыйкаттарды жана пайгамбарлардын өмүр баянын чыгармаларында көркөм поэтикалык формада чагылдырып, окурманга терең диний-философиялык ой калтыра алган.

Нурмолдо Наркул уулу динди коомдук адилеттүүлүктүн, адамдык моралдын жана руханий тазалыктын булагы катары кабыл алган. Ал адамдын бул дүйнөдөгү жүрүм-туруму акырет менен тыгыз байланышта экенин, ар бир пенде өз амалдары үчүн жоопкер экенин поэзиясында кайталап, элдин аң-сезимин ойготууга умтулган.

Муну менен бирге, акындын диний темаларды колдонуудагы максаты — жөн гана насаат айтуу эмес, терең руханий тарбия берүү жана коомду адеп-ахлактык нукта өнүктүрүү болгон. Ал элге жакын, түшүнүктүү тил менен жазып, ислам дининин асыл баалуулуктарын көркөм сөз аркылуу кеңири жайылткан.

Жыйынтыктап айтканда, Нурмолдо Наркул уулунун чыгармалары кыргыз поэзиясында диний-философиялык темаларды көркөм чагылдыруу жагынан маанилүү мурас катары каралат. Анын поэзиясы улуттук адабият менен диний маданияттын айкалышынын мыкты үлгүсү болуп, бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпогон руханий булак бойдон калууда.

## Колдонулган адабияттар

Аймак.kg сайты. “Нурмолдо-көп кырдуу улуу инсан”. Маалымат алынган күн 3-май 2025. https://aimak.kg/janylyktar/madaniyat-bilim/45654-nurmoldo-k%D3%A9p-kyrduu-uluu-insan.html

Акматалиев, Абдылдажан – Көлбаева Мээрим.*“Айтыш” сериясы, Айтыш.* Бишкек: Принт-Экспресс, 2015.

Акматалиев, Абдылдажан (ред).*“Залкар акындар” сериясы*, Нурмолдо, Боогачы, Казыбек. 12-том. Бишкек: Принт-Экспресс, 2- чыгарылыш, 2016.

Акматалиев, Абдылдажан (ред.). *Кыргыз адабиятынын тарыхы.* 4-том. Бишкек:2002.

Арыба.kg. сайты. “Жеңижоктун өмүрү, чыгармачылыгы такталууга тийиш”. Маалымат алынган күн 16-май 2025. https://aryba.kg/koom/104859-zheizhoktun-mr-chygarmachylygy-taktaluuga-tijish.html

Байгазиев, Советбек –Муратов, Абдыкерим. *Кыргыз адабияты 10-класс*. Билим куту, 2007.

Байгазиев, Советбек. *Нурмолдо- XIX кылымдын агартуучусу жана даанышман педагогу*. Бишкек:Эркин Тоо,2005.

Гөкче, Ферхат (ред.). *Хадистердин негизинде Ислам*, котор. Абдилазиз Калбердиев-Азиз Ташболотов. Бишкек: Из-Басма, 2018.

Гөкче, Ферхат (ред.). *Хадистердин негизинде Ислам*, котор. Мухаммед Мамытов. Бишкек: Из-Басма, 2018.

Гөкче, Ферхат (ред.). *Хадистердин негизинде Ислам*. котор. Айтмырза Сатыбалдиев-Алишер Назаров. Бишкек: Из-Басма, 2018.

Гөкче, Ферхат (ред.). Хадистердин негизинде Ислам. котор. Самаган Мырзаибраимов ж.б. Бишкек: Из-Басма, 2018).

Исмаилов, Абдышүкүр ж.б. (котор). *Ыйык Куран маанилеринин кыргызча котормосу*, Бишкек: Глобал-Принт, 8-чыгарылыш, 2021.

Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын расмий баракачасы. “Намаз-Бейиштин ачкычы”. Маалымат алынган күн 19-май, 2025. https://arhiv.muftiyat.kg/articles/40438/

Мусаева, Венера. *Кыргыз адабиятынын анталогиясы, акындар поэзиясы.* Бишкек: "Кыргыз энциклопедиясы" башкы редакциясы, 2012.

Рыскулов, Калмурат. *Замана.* Жалал-Абад: Жалал-Абад областтык басмакана, 1995.

Рыскулов, Калмурат. *Молдо Кыргыз медресесиндеги ырлар.* Ала-Бука:1997. Рыскултегин, Калмурат. *Нурмолдо.* Бишкек: Сүрөт-Басма-Салону, ЖЧК, 2003.

Спутник Кыргызстан сайты. “Атадан жаман туулса, адашып калган көчкө окшош. Нурмолдонун кеп казынасы”. Маалымат алынган күн 5-май 2025. https://sputnik.kg/20190314/nurmoldo-narkul-uulunun-nakyl-kepteri-1043651712.html

Эрдем, Мустафа. Алланын назарында дин Ислам. котор. Бакыт Мурзараимов. Бишкек: 2021.

Kalmurza Kyzy, Zukhura. *Kırgız Şairlerinin Şiirlerindeki Bazı Din Felsefesi Konuları*. Samsun: Ondokuz Mayıs Üniversitesi, Lisansüstü Eğitim Enstitüsü, Yüksek Lisans Tezi, 2024.

Kalmurza Kyzy, Zukhura. “Kırgız Şairlerinin Şiirlerindeki Bazı Din Felsefesi Konuları”. *Din Bilim ve Felsefe Yazıları-1*. ed. Mustafa Turan - Muhammed Aydın Çetinkaya. 21-34. Ankara: Eskiyeni Yayınları, 2024.